**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**

---

***Т О К Т О М***
***П О С Т А Н О В Л Е Н И Е***

***25.06. 2022-жыл.*** ***№ 11/2*** ***Жар-Кыштак айылы.***

Ырыс айыл кеңешинин кезектеги XI сессиясынын
токтому

«Шабнам» СПАсынын менчигиндеги ирригациялык курулмаларды
Ырыс айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын муниципалдык
менчигине акысыз өткөрүп берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 20.10.2021-жылдагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамына, 15/03-2002-жылдагы №37-«Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамынын 2-; 18-; 19-беренелерине жана Жер Кодексинин 13-; 25-; 31- жана 44-беренелерине таянып, "Шабнам" СПАсынын мүчөлөрүнүн өкүлдөрүнүн жыйынынын 01.06.2022-жылдагы №4-протоколунун негизинде «Шабнам» СПАсынын менчигиндеги ирригациялык курулмаларды Ырыс айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын муниципалдык менчигине акысыз өткөрүп берүү боюнча Ырыс айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Ж.Халиловдун сунушун угуп жана талкуулап Ырыс айыл кеңеши

Т О К Т О М К Ы Л А Т:-

1. «Шабнам» СПАсынын мүчөлөрүнүн өкүлдөрүнүн жыйынынын 01.06.2022-жылдагы №4-протоколунун негизинде «Шабнам» СПАсынын менчигиндеги ирригациялык курулмаларды Ырыс айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын муниципалдык менчигине акысыз өткөрүп берүү боюнча чечими канааттандырылсын.

2. Ырыс айыл аймагындагы ирригациялык курулмаларды муниципалдык менчикке алынсын

3. Ырыс айыл өкмөтүнүн башчысына:-
3.1. «Шабнам» СПАсы менен биргеликте ирригациялык курулмаларды (КДСтер, каналдар, лотоктор, арыктар), түрдүү мүлктөрдү өткөрүп берүү - кабыл алуу актын түзсүн.
3.2. Кабыл алынган ирригациялык курулмаларды айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчик реестрине камтысын.
3.3. «Шабнам» СПАсы менен биргеликте ирригациялык курулмаларды өткөрүп берүү - кабыл алуу келишимин түзсүн жана «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Сузак филиалына каттоого жиберилсин.

4. Бул токтомдун максаттуу аткарылышын айыл кеңешинин айыл жана суу чарба маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Кадиркулов Ш.М.**